# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК

## КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА имени И. АРАБАЕВА

ISBN 1654-5611

И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

ЖАРЧЫСЫ

ЧЫГАРЫЛЫШЫ: 2 (2012)

Серия: педагогика жана психология

# Профессор Э.Т.Токсонбаеванын 70 жылдыгына арналган «Педагогикалык билим берүүнүн өнүгүү перспективалары жана көйгөйлөрү» аттуу илимий - практикалык конференциясы

**Жарыяланган макалалардын бардыгы редакциянын көз карашын билдирбейт. Чыккан материалдар Улуттук Аттестация комиссиясы тарабынан илимий макала катары кабыл алынат.**

**Журнал Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинен каттоодон өткөн.**

**Журнал Кыргыз Республикасында жана КМШ өлкөлөрүндө таркатылат.**

**ISBN 1654–5611**

**Дареги: Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51**

**Тел.: 66–39–90**

**«Maxprint» басмаканасында басылды.**

**Башкы редакциялык коллегия:**

1. **Абдырахманов Т.А.** – т.и.д., профессор, башкы редактор
2. **Каниметов Э.Ж.** – ф.и.к., доцент
3. **Конурбаев Т.А.** – психол.и.к., доцент

**Редакциялык коллегиянын мүчөлөрү:**

1. Калдыбаева А.Т. – п.и.д., профессор
2. Мусаев С.Ж.– ф.и.д., КР УИА мүчө-корр.
3. Алиев Ш.А.. – п.и.д., профессор
4. Акиева Г.С. – п.и.д., профессор
5. Чоров М.Ж. – п.и.д., профессор
6. Панкова Т.В. – п.и.д., профессор
7. Токсонбаева Э.Т. – п.и.к., доцент

**Педагогика сериясынын редакциялык коллегиясы:**

1. Эсенгулова М.М. – п.и.к., доцент
2. Койлубаева Н.К. – п.и.к.,доценттин м.а.
3. Иманкулова С.Э. – п.и.к., доценттин м.а.

4. Мишина Г.А., Моргачева Е.Н. Коррекционная и специальная педагогика. М.: ФОРУМ: ИНФРА-М, 2007. – 144 с.
5. Тилекеев К. М., Быковченко Н. С., Эсенгулова М. М., Инклюзивдик билим берүү жогорку мектепте-Б., 2010

***Алтынбек Качкын уулу,***
*И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин аспиранты,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.*

# БОЛОЧОКТОГУ АЙЫЛ МЕКТЕП МУГАЛИМИНИН КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

***Аннотация:***
*Статья посвящена актуальным проблемам формирования профессионально-педагогической культуры будущих учителей сельских школ. Рассмотрены теоретические основы формирования профессионально-педагогической культуры.*

*The article is devoted to problems of formation of professional-pedagogical culture of future teachers of rural schools. And also the article considers also such issues as competence, skill and pedagogical orientation.*

***Түйүндүү сөздөр:***
*Профессиональная и педагогическая культура, будущие учителя сельских школ, студенты, высшие учебные заведения.*

*Professional-pedagogical culture of future teachers of rural schools, students, higher educational institutions.*

Билим берүүнүн атаандаштык мезгилинде, мугалимге окутуунун жана тарбиялоонун технологияларынан тышкары, жалпы маданий концепцияларын өздөштүрүү мезгилдин талабына айланды. Педагогикалык маданият мугалимдин инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө жана стереотиптик ишмердүүлүктүн чегинен чыгып, жаңы баалуулуктарды жаратууга багытталат.

Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруунун теориялык жана практикалык негиздерине маданий мамиле жасоодо, изилдөө натыйжалуулугун көрсөтөт. Ал педагогикалык фактыларды, кубулуштарды, маданиятты жалпы философиялык нукта иликтөөгө мүмкүндүк берет. Жогорку деңгээлде таанып билүүнү жана адеп-ахлактык баалуулуктарды, өткөндөгүнү, учурдагыны жана келечекте боло турган социалдык-маданий процесстерди бириктирери анык. Болочоктогу айыл мектеп мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу процессин индивидуалдаштыруу жана дифференциалдаштыруу мамилелеринин ордун баса белгилегибиз келет. Анткени, мындай иш-чаранын негизи ар бир студентке жекече мамиле кылууну, ошол эле учурда башка ыкмалардын түрдүүлүгү менен окутуу процессин уюштурууну түшүндүрөт [3].

Болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууну дифференциалаштырууда студенттердин социалдык-психологиялык, психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүн, квалификациялык деңгээлин, алардын иш тажрыйбасын жана курактык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурууну түшүндүрөт. Мындан тышкары, окутуунун эффективдүү принцибин камсыздаган индивидуалдаштыруу процесси студенттердин мотивдерин, кызыгууларын, инсандык өзгөчөлүктөрүн, багыттуулугун жана кесиптик даярдыгын дагы камтыйт.

Жогорудагы процессти ишке ашыруу чыгармачылык менен коштолуусу шарт, ал эми студенттин билим алуу ишмердүүлүгү *маданият жаратуучу, маданият түзүүчү* жана *"маданий ишмердүүлүк"* аркылуу изилденет. Болочоктогу мугалимдин кесипкөй адис болуп калыптануусу бара-бара жүрүп, анын кээ бир сапаттарынын калыптануусу атайын стадиялардан турат: *таанып билүүгө* багытталган стадия (бочоктогу мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданият жөнүндө түшүнүгүнүн калыптанышы жана ага болгон мамилеси). Студенттер бул мезгилде кесиптик-педагогикалык маданияттын өзгөчөлүктөрүн, маанилүүлүк компонеттерин түшүнүп, өзүлөрүнүн маданияттуулугун сынчыл баалаганга үйрөнүшөт. Ал эми окутуучулар маданий билими жана тажрыйбасы менен бөлүшүп, маданияттын бул түрүнүн өзгөчөлүгүн жана маданият түзүүчүлүк мүнөзүн түшүндүрөт; студенттердин назарын кесиптик маданияттын өзгөчө белгилерине бурдуруп, кесиптик маданиятты калыптандыруунун маанисин жана аны өнүктүрүүгө ишендирет. *Керектөөчү-изденүүчүлүк* стадия (болчоктогу мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданиятын практикалык негизде калыптандырууга, маданиятты сиңирүүгө, маданиятты жаратууга болгон жөндөмдүүлүгүн жана активдүү ишмердүүлүгү чагылдырылган). Жогорку курстагы (3-4-курс) студенттердин кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптанышы коюлган максаттардан, милдеттерден жана

ж.б. айыл мектеп мугалиминин мойнунда экенин эсибизден чыгарбообуз зарыл. Айыл мугалимдерин даярдоодо жалпы кесиптик (базалык, инвариативдик) жана атайын-кесиптик (вариативдик), регионалдык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен көндүмдөрдү калыптандыруу керек.

Өлкөбүздүн айыл жергелери элдин отурукташуусу боюнча ар түрдүү айыл аймактары бар, бийик тоолу айылдар (жол каттамы оор, район борборунан алыс), жөнөкөй айыл (салыштырмалуу райондун борборуна жакын, бирок каттам, коммуникация татаал). Болочоктогу айыл мектеп мугалимдерин даярдоодо ушундай типологияга көңүл буруу зарыл. Анкени бийик тоолу, же болбосо жакын район борборунан алыс жайгашкан кичи комплектүү мектеп менен шаарга жакын айыл мектептерине бирдей мамиле жасоо даярдоо процессинде бир кыйла айырмачылыкты жаратат.

Чет элдик психологиялык-педагогикалык адабияттарда "кесиптик даярдык" кесиптик билим алуунун акыркы максаты катары, инсанга багытталган интеграциялык билим берүү болуп эсептелинет. Мына ошентип айыл мугалимдерин даярдоодо, кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда айыл мектептериндеги социалдык-психологиялык шарттарын, окуучулардын өзгөчөлүктөрүн жана башка факторлорду эске алуу мугалимди даярдоону натыйжалуу кылат [4].

Айыл мугалими – бул дилгир, мектептин, айылдын патриоту, өзүнүн ишине берилген, камкоор, иштерман, оор басырыктуу жана жеке өзүнүн камын ойлобогон, окуучуларын өзүнүн балдарындай жакшы көргөн адам. Айыл жергеси жана айыл тургундарынын ишмердиги мамлекеттин колдоосуна муктаж. Айыл мектептеринде жалгыз окуучу айрыкча, кичи комплектүү мектептеринде шаар мектептерине салыштырмалуу көп каражатты талап кылат, бирок маданий жана социалдык максаттулугуна карабай экономикалык натыйжалуулугун кабыл алып карасак, туура эмес болуп калат. Эгер, мындай мектептер жабылса, айылдардын жоголуп кетүүсүнүн бирден бир себепкери болуп калышы мүмкүн. Бирок кандай гана жагдай болбосун, экономикалык жагын эстен чыгарбоо зарыл.

Мына ошентип, кесиптик-педагогикалык маданияттын мазмуну жеке кесиптик сапаттардан, компоненттерден жана функциялардын системасынан турат. Педагогикалык маданият кесипкөй-педагогдун интегративдик сапаты катары, натыйжалуу ишмердигинин шарты жана пайдубалы, кесиптик компетенциянын жалпыланган көрсөткүчү жана өзүн-өзү өнүктүрүүнүн максаты катары түшүндүрүлөт. Бирок кесиптик-педагогикалык маданияттын негизги аныктамалары чачыранды, бирдиктүү функционалдык жана структуралык компоненттери жок.

**Пайдаланган адабияттар:**


1. Драничников А.Ф. Профессиональное становление молодого учителя в условиях сельской школы // Вестник КГУ им. Н.А. Некрасова №3, 2002. С. 32-38.
2. Маркова А.К. Психологические критерии и ступени профессионализма учителя. // Педагогика. - 1995. № 6. - С.55-63.
3. Металова И.Г. Личностно-ориентированный подход и подготовка будущих учителей иностранного языка для сельских школ: технологические основы: монография. Чебоксары: изд-во Л.А. Наумова, 2006.-116 с.
4. Резолюция всероссийского форума учителей сельских школ "Учитель в социальном векторе развития села" (г. Москва, 07.02.2013)
5. Шерайзина Р.М. Сельская инновационная малокомплектная школа (социально-педагогические основы управления). С.-Пб.: ИОВ РАО, 1994.-82 с.



*УДК 140.8*



***Конкина Г.С.***

*кандидат философских наук, доцент Аркалыкского Государственного педагогического института им.Ы.Алтынсарина, Декан факультета «Истории и искусства», г.Аркалык*

***Сагикызы А.***

*доктор философских наук, доцент, Институт философии, политологии и религиоведения КН МОН РК, Республика Казахстан, г.Алматы*


## ПРОБЛЕМЫ ГУМАНИЗАЦИИ ОБРАЗОВАНИЯ


***Аннотация:***

*В статье рассматриваются проблемы выработки новой ценностной системы в образовании. Сегодня существует необходимость гуманистического духовно-практическогопреобразования социальной действительности. А чтобы поддержать социально-политическую, экономическую целостность и общественное согласие в обществе, необходимо выработать новую модель функционирования общественных институтов, в первую очередь, образования, основанных на принципах гуманности и толерантности.*